коюу укугу берилген.[4]

Ушунун өзү АКШнын японддуктарга такай наразы болгондугунан кабар берет. Бирок, ушул өңүттөгү сүйлөшүүлөр эч кандай жыйынтыксыз аяктап, АКШнын коркутуп-үркүтүүсү Японияга жетишээрлик таасир эте алган эмес.


**Колдонулган адабияттар:**

1. Адилбаев Ж.А. Япониянын соңку тарыхы1918-2010: Окуу куралы. – Ош, 2014.
2. Новейшая история стран Азии и Африки. XX век: Учеб. Для студентов вузов: В 3 ч./ Под ред. А.М. Родригеса. – М., 2005.
3. Малинова В.С. История Японии. – М., 2009.
4. Булгакова С.Т. Новейшая история Японии. – М., 2012.




**УДК: 94 (575.2)**


*Смадияров С.А., т.и.к., ОшМУнун профессору, Кыргызстан*

*Смадияров С.А., к.и.н., профессор ОшГУ, Кыргызстан*


**Профессор Өмүркул Караев - кыргыздын тунгуч чыгыш таануучу илимпозу.**
**Профессор Омуркул Караев - первый кыргызский ученый востоковед.**
**Professor Omurkul Karaev – the first Kyrgyz scientist – orientalist.**


*Макалада кыргыз элинин тунгуч чыгыш таануучу илимпозу профессор Ө. Караевдин илимий ишмердиги талдоого алынды.*

***Ачкыч сөздөр**: арабист, чыгыш таануучу, орто кылымдар, кыргыз элинин этногенези, араб-перс булактары.*

*В статье проанализирована научная деятельность профессора О. Караева – первого ученого востоковеда кыргызского народа*

***Ключевые слова:** арабист, востоковед, средние века, этногенез кыргызского народа, арабо-персидские источники.*

*The article analyzes the scientific activity of Professor O. Karaev - the first scientist – orientalist of the Kyrgyz people*

***Key words:** Arabist, Orientalist, Middle Ages, ethnogenesis of the Kyrgyz people, Arab-Persian sources.*


Кыргыз таануу илиминин карапайым жана мээнеткеч дыйкандарынан болгон, кыргыздын туӨгуч арабист – чыгышпозу Өмүркул Караев өзүнүн бүткүл өмүрүн кыргыздын байыркы жана орто кылымдардагы тарыхын, кыргыз этногенезинин проблемаларын изилдөөгө арнаган. Чаалыкпаган изилдөөчү кыргыздын булак таануу илимине да нар көтөргүс салым кошту. Илимпоздун түрк доорунун, Караханийлер

жана Хайду мамлекетинин, Могулистандын тарыхына арналган эмгектери аталган доорду изилдөөчүлөр үчүн баа жеткис булактык жана тарыхнаамалык таяныч болуп кала берери шексиз.

Кыргыз тарых илими өз алдынча илим катары кеөеш доорунда калыптангандыгы белгилүү. Арийне, ал мезгилдеги тарыхый изилдөөлөрдүн басымдуу көпчүлүгү кеөеш доорунун, өзгөчө ошол доордогу саясий системада, идеологияда үстөмдүк кылып турган КПССтин тарыхына арналган. Ал эми, кыргыздын Октябрь революциясына чейинки тарыхын изилдеген кыргыз илимпоздорун колдун манжалары менен гана саноого болоор эле. Алардын арасынанда байыркы жана орто кылымдардын тарыхын изилдөөгө бел байлаган илимпоздор бирин-экин гана чыккан. Мына ошол экинин бири – Өмүркул Караев.

Араб жана перс тилдүү авторлордун эмгектери Орто Азия элдеринин, анын ичинде кыргыздардын орто кылымдардагы тарыхы боюнча эѳ баалуу тарыхый булак экендиги айкын. Аларда Борбордук Теөир-Тоонун жана Жети–Суунун, ошондой эле кыргыздар мекендеген Миө-Суу өрөөнүнүн физикалык-географиялык шарттары, калкы, чарбасы, турмуш-тиричилиги, тили, маданияты, диний ишенимдери, шаарлары, соода байланыштары, саясий окуялары, мамлекеттик түзүлүшү ж.б. жөнүндө бай тарыхый маалыматтар камтылган. Өмүркул агай өзүнүн илимий жолун тарых илиминин татаал тармагы болгон мына ушул булактарды изилдөө ишинен баштаган. Майтарылгыс эркинин, чаалыкпаган эмгегинин натыйжасында ал, 1963-ж. Москва шаарында “IX – XII кылымдардагы араб жана перс булактары кыргыздар жана Кыргызстан жөнүндө” деген темада кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү коргогон. Кийин, диссертациялык изилдөөлөрүнүн негизинде кыргыз тарыхнаамасында булакнаамалык багыттагы эѳ алгачкы эмгектерден болгон “IX-XII кк. араб жана перс булактары кыргыздар жана Кыргызстан жөнүндө” деген эмгегин басмадан чыгарган[1].

Талыкпаган мээнеткечтиги, зор эрудициясы илимпозго 1984-ж. Караханийлер каганатынын тарыхы боюнча доктордук диссертациясын коргоого, ошондой эле ага чейинки жана кийинки мезгилдерде бир топ баалуу илимий эмгектерди жаратууга мүмкүнчүлүк берди. Алсак, анын 1983-ж. жарык көргөн “Караханийлер каганатынын тарыхы: (X-XIII башы)”[2] аттуу фундаменталдык эмгеги Караханийлер каганатынын тарыхын ар тараптуу изилдеген эѳ алгачкы ири эмгек гана болбостон, илимийлүүлүгү, бай булактык маалымдуулугу боюнча азыркы күнгө чейин алдына ат салдырбай келе жаткан эмгектерден. Кыргыз тарыхчылары тарабынан бүгүнкү күндө да каралган маселе боюнча аталган монографиянын деөгээлине жете жазылган эмгек дээрлик жокко эсе. Учурда Ө. Караевдин бул монографиясы библиографиялык сейрек табылуучу эмгектердин катарында.

Ушул эле эмгекке теөдеш Кыргызстандын жана азыркы Түштүк Казакстандын, Жунгариянын, Чыгыш Түркстандын чектеринде өкүм сүргөн Чагатай улусунун (XIIIк.), Хайду мамлекетинин (XIII-XIVкк.), Могулистандын (XIV-XVIIкк.) тарыхына арналган илимпоздун: “ Чагатай улусу. Хайду мамлекети. Могулистан. Кыргыз элинин түзүлүшү”[3] аттуу китеби 1995-ж. жарык көрдү. Бул монография аталган проблеманы чыгыш жазма булактарынын жана илимий эмгектердин негизинде хронологиялык ирээттүүлүктө, системалаштырып, комплекстүү караган алгачкы эмгек. Эмгекте аталган мамлекеттердин аймагында жашаган этностордун, уруулардын аталыштары аныкталган, кыргыз элинин этникалык тарыхынын

маселелери ж.б. тыкыр изилденген. Ошондой эле, автор тарабынан тажик-перс тилиндеги булактарга, этнонимдерге, мамлекеттик кызмат орундарга түшүндүрмөлөр берилген. Ө. Караевдин бул монографиясы Борбордук Азия элдеринин, анын ичинде кыргыздардын жана Кыргызстандын саясий, социалдык-экономикалык, этникалык тарыхын, кыргыз элинин калыптануу жараянын окуп үйрөнүүгө олуттуу салым кошту.

Ошол эле учурда, Ө. Караев кыргыз тарыхнаамасындагы ары татаал, ары жоопкерчиликтүү проблемаболгон кыргыз этногенезинин маселелерине арналган бир топ баалуу илимий макалаларын жазды. Мына ошол макалаларында,автор, республиканын саясий жетекчилигинин өткөн кылымдын 70-80-жылдарындагы тарых чындыгын көз көрүнө одоно бурмалаган: “Энесай кыргыздары менен Теөир-Тоо кыргыздары эч кандай байланышы жок эки башка эл (этнос). Энесай кыргыздарынын негизинде азыркы хакас эли калыптанган”[4] деген көрсөтмөсүнө каршы туруп, тарых чындыгын бурмалоого жол берген эмес, тарых илимине чыккынчылык кылбаган, б.а. энесай кыргыздары менен теөиртоолук кыргыздардын этникалык тамыры бир деген өз илимий пикиринен кайткан эмес[5]. Бул албетте, илимпоздун майтарылгыс эркинин, атуулдук эрдигинин көрсөткүчү.

Арийне, Өмүркул Караев академиялык илим чөйрөсүнүн нукура өкүлү болгон. Өкүнүчтүүсү, ушундай зор эрудицияга ээ таланттуу окумуштуунун көп мезгилге чейин студенттер аудиториясында дарс окуу ишине тартылбай келгендиги болду. Бул иш эгемендүүлүк жылдарында кеч болсо да КЖТЖ, анын төрагасы Т. Чоротегин тарабынан колго алынгандыгын белгилей кетүү абзел. Натыйжада, илимпоздун студенттер үчүн жазылган “Көөнө түрктөр тарыхы” [6]деген аталыштагы лекциялар жыйнагы жана “Чыгыш авторлору кыргыздар жөнүндө”[7] деген булактык жыйнагы жарык көрдү.

Ырас, мен агайдын дарстарына катыша албай калдым. Бирок, аспирантураны бүтүп, кандидаттык диссертациямды коргоо учурунда (1994-ж. 28-январь) окумуштуу агай менен кыска баарлашуу, атүгүл ал кишинин батасын алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болдум. Анда, Ө. Караев тарых илиминен диссертацияларды коргоо боюнча Атайын кеөештин мүчөсү болчу. Агай, “ Баатырдын атын алыстан ук, жанына келсеө бир киши” дегендей, жөнөкөй, жупуну, шашпай жай сүйлөгөн, “сакадай” бою сары алтын киши эле. Бирок, мына ошол жөнөкөйлүктүн, жупунулуктун артында зор эрудиция, тереө билим, бийик интеллект байкалып турчу. Ушул жерден окурмандын көөүлүн бурчу жагдай, окумуштуунун чыгарган китептеринин жасалгалары (мукабасы, кагазы) да жупуну болгон. Бирок, акыркы мезгилдерде өздөрүн “тарых изилдөөчү” деп атап алган авторлордун (алардын арасында адистиги боюнча тарыхчылары, тарыхчы эместери да бар - С.С.) байма-бай көп санда (экземплярда) чыгарып жаткан кооз жасалгаланган (мукабасы калыө, түстүү, кагазы сапаттуу, көлөмдүү) китептери илимий баалуулугу жагынан Ө. Караевдин чакан макаласына да арзыбаары кашкайган чындык. Өкүнүчтүүсү, ошол авторлордун, чыгарып жаткан сабатсыз жана сапатсыз (ички маөызы боюнча) китептери аркылуу кыргыз тарыхын изилдөө ишине зор салым кошуп жатабыз деген жаөылыш ойдо турушкандыгы. Чындыгында, көптөгөн тарыхый фактыларды көз көрүнөө одоно бурмалаган, мифтештирген мындай китептердин кыргыз тарыхын изилдөө ишине тийгизген пайдасынан зыяны арбын. Анткени, Кыргыз тарых илиминин өнүгүшү чыккан китептердин саны, жасалгасы менен эмес, сапаты, илимий баалуулугу менен

аныкталат эмеспи.

Азыр Өмүркул Караевдин жогоруда белгилеген жупуну, бирок илимий баалуулугу теөдешсиз китептери менин үстөл китепчелерим. Анткени, мен, учурда ОшМУнун тарыхчы студенттерине "Кыргызстандын булак таануусу" предметинен дарс окуйм. Өмүркул агайдын эмгектери менен тааныш болбой, аларды колдонбой туруп, Булак таануу предметинен дарс окуу дегеле мүмкүн эмес. Ырас, Ө. Караевдин эмгектери азыркы учурда сейрек табылуучу китептердин катарын толуктап калды. Ошондуктан, илимпоздун эмгектеринин толук жыйнагы басылып чыкса деген тилегимди билдиргим келет. Мындан, Кыргыз таануу илими, тарых изилдөөчүлөрүбүз, студенттерибиз, дегеле кыргыздын байыркы жана орто кылымдардагы тарыхына кызыккан жалпы окурмандарыбыз чоө утукка ээ болоор эле.

Жыйынтыктап айтканда, профессор Өмүркул Караев кыргыз тарых илимине олуттуу салым кошкон илимпоз. Ал Кыргызстандын учурдагы тарых илиминин XX кылымдагы пайдубалын түптөгөн окумуштуулардын бири. Ө. Караев орто кылымдардагы араб-перс кол жазмаларын кыргыз таануу жана түркология өөүтүндө иликтеген кыргыздардан чыккан алгачкы арабист чыгыш таануучу окумуштуу болуп кала берет.

Илимдин чаалыкпаган дыйканы, кыргыз таануу илимине зор салым кошкон профессор Өмүркул Караев илимпоздук этиканы туу туткан, кандай гана шартта болбосун тарых чындыгын бурмалабаган, андайга жол да бербеген, элине калп айтпаган чыныгы окумуштуу болгон. Айтаарыбыз, азыркы жана келечек муундагы тарых изилдөөчүлөр мына ушул жолду жолдоп, окумуштуунун жашоо жана иштөө принциптеринен үлгү алууга милдеттүү!

**Колдонулган адабияттар:**


1. Караев О. Арабские и персидские источники IX-XII вв. О киргизах и Киргизии. – Фрунзе, 1968.
2. Караев О. История Караханидского каганата (IX-нач. XIIIвв.). – М., 1983;
3. Караев О. Чагатайский улус. Государство Хайду. Могулистан. Образование кыргызского народа. – Б., 1995;
4. История Киргизской ССР с древнейших времен до наших дней. В пяти томах. Т.1. – Фрунзе, 1984. – 50-б.
5. Эсеналиева Г. Өмүркул Караев – кыргыз элинин жана түрктөрдүн тарыхынын чыгаан изилдөөчүсү. – Б., 2015. – 49-72-бб.
6. Өмүркул Кара уулу Көөнө түрктөр тарыхы (Студенттер үчүн дарстар). – Б., 1994;
7. Восточные авторы о кыргызах: Сост., введ. и комм. О. Караева. – Б., 1994;